# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН КОНЦЕПЦИЯСЫ

Мезгилдин талаптары өзгөрдү, биз жаңы доордун босогосунда турабыз. Биз активдүү аралаша баштаган ааламдашуу процесси жашоонун бардык тармактарына таасирин тийгизе баштады. Мындай шартта коомдун негизги өзөгү болгон мектеп да чукул өзгөрүшү шарт. Мектеп менен коомду биринен экинчисин бөлүп кароого мүмкүн эмес. Билим берүүнүн максат-милдеттери коомдун максат-милдеттери менен жуурулушуп туруусу зарыл, жашоо мыйзамдары билим берүүнүн багыттарын аныктаса, билим берүү тутуму жашоонун ички мыйзамдарына таасирин тийгизет. Демек, жалпы билим берүү тутумун, анын негизги тогоосу болгон мектептеги билим, тарбия тутумун кайрадан карап чыгуу – бул мезгилдин талабы.

Мектеп коомдук институт катары, соңку мезгилдерде социалдык-экономикалык өнүгүүлөргө бөгөт болуп, коомдун эң бир негизги ресурсу болгон адам капиталынын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп койду. Ал азыркы абалында ага жүктөлгөн миссияны аткара албай калды, коомдун алдында турган учурдун татаал, күтүүсүз чакырыктарына жооп бере албай калды. Мектептеги билим берүү, тарбия тутумунун салтка айланган административдик-буйрукчул мындай абалы илимий педагогиканын негизги принциби болгон окутуунун табигый түзүүчүлүк принцибин четке кагып, инсандын мүмкүнчүлүктөрүн чектеген жерге айланып калды. Ошентип, ал инсандын өнүгүү, өсүү табигый ички мүмкүнчүлүктөрүн гана чектебей, аны мындан ары оңдоп кетүүгө мүмкүн болбогон абалга келип такалды. Учурдун билим берүү тутуму чукул бурулуштарды, ичинен оңдоо, түзөтүү чараларын талап кылууда.

Билим берүүнү реформалоо иштери учур талап кылган жыйынтыктарды бере алган жок. Ал реформалардын айрым бир сунуштары системалуу дисбалансты пайда кылып, мектеп ичиндеги көйгөйлөрдү оңдоонун ордуна кайра күчөтүп, жыйынтыгында жалпы билим берүү тутумундагы алга жылууга эмес, артка чегинүүгө жол ачты.

Мунун баары билим берүүнүн социалдык статусунун чукул төмөндөшү менен да шартталып жүрүп отурду. Мындай абалдан чыгуунун бир гана жолу калды – бул мектептеги билим берүү менен тарбия процессин, өлкөдөгү бүтүндөй билим берүү тутумун түп тамырынан бери жаңыртуу, ошондо гана абалдан чыгууга мүмкүнчүлүк жаралат.

Коом, өлкө, а негизгиси билим берүү тутумундагы мектеп мындай чукул өзгөрүүлөргө, жаңылануууга даярбы? Даяр. Антпегенге бизде башка

чара жок. Бар болуу, же жок болуу маселеси турат. Биз бүгүн ушундай чечкиндүү кадамдарга барышыбыз керек, же болбосо, биздин урпактардын келечеги бүдөмүк бойдон калат.

## Азыркы мектеп. Ал кандай болушу керек?

Балдар балалык, өспүрүмдүк курагындагы убактыларынын негизги бөлүгүн өткөрө турган мектеп алардын турмуштук көндүм адаттарын калыптандыра турган жай, ушул жерде алар жашоонун өйдө-ылдыйы менен жуурулушат, коом менен, коомдук мамилелер менен аралашууга өбөлгөлөр түзүлөт, толуккандуу социализацияланышат.

Мектеп өзгөрүшү керек, бул турган иш. Ал бала кубанып бара турган жерге айланышы шарт, мында бала үчүн ыңгайлуу болсун, баланын чыгармачылыгын толуккандуу өстүрө турган шарттар түзүлсүн, мында окуучу убактысын жөн эле өткөрбөй, кызыктуу жашоо күндөрүн кечирсин. Азыркы мектеп качан гана окуучу үзгүлтүксүз, өзүн-өзү билим, билгичтик, көндүм-адаттар менен камсыз кылганда гана өз милдетин аткара алган болот.

Азыркы орто статистикалык мектепте окуучу фронталдык чектелген гана окуу чөйрөсүндө жашайт, ал факт, маалыматтарды гана эске тутуп калууга көнгөн, анын аракеттери жалпы кабыл алынган окуу алгоритмдери менен гана чектелген, ал окуу алгоритмдери окуучунун өз алдынча жетише турган билим-билгичтиктерге ээ болуусуна ылайыкташтырылган.

Бүгүнкү мектеп билим берүүнүн кынтыксыз реликт катары билим алуунун индустриалдык парадигмалары катары мүнөзүн жогото элек, андыктан мында окуучунун инсандыгы, өз алдынчалыгы чектелген, элестүү айтканда, окуучу жыйырманчы кылымдын биринчи жарымындагы фабрикалык-заводдук типтеги архитектуралык имараттын ичинде камалган абалда. Мектептер үчүн окшош типтеги имараттарды куруудан биз эми окуу мекемелеринин учурдун талаптарына шайкеш келген архитектурасына өтүүбүз зарыл, мында бардык элементтер окуучунун эркин билим алуусуна, толуккандуу өнүгүүсүнө ылайыкташтырылсын. Мектеп баланы бир жерге камап коюп үйрөтүүчү жайга эмес, улуттун бүгүнкүсү менен эртеңкисине жарап бере турган кадрларды даярдоочу өнөрканага айланышы керек. П.П.Блонскийдин кеңештик билим берүү системасы адеп түптөлө баштаган жылдары айткандарын эстеп көрөлү: бир кылка салынган типтеги мектептердеги окшош типтеги сабактар өлкөнүн өспүрүмдөрү үчүн социалдык жактан да психологиялык жактан да өстүрбөй тушай турган абалга алып келет. Ал эми азыркы мектеп архитектуралык ички түзүлүшү боюнча да андагы ар кандай формадагы,

типтеги сабактардын да көп түрдүү, көп кырдуу болушу шарт. Мындагы негизги шарт коопсуз жана ыңгайлуу болушу керек, окуучу мында кызыктуу, керектүү иштер менен алек болуп, алардын инсан катары калыптануусуна өбөлгөлөр түзүлгөндөй болсун. Мектеп ал окуучуну окуганга, кынтыксыз билим алганга, ой жүгүрткөнгө, анализдегенге, турмуштан өз ордун табууга үйрөтсүн.

Азыркы мектеп эмгектин мектеби болсун. Эмгек башаты окуучулардын курактык жана психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен билим берүү процессинин түпкүрүнөн башына чейинки тулкусунан орун алсын. Ошол эле учурда азыркы мектеп билим берүүнүн ар бир тепкичинде, ар бир фазасында окуучунун кызыкчылыктарын, коомдук талаптарды жана жергиликтүү шарттарды эске алуу менен ар тараптуу, көп кырдуу болсун. Мектеп имаратын долбоорлоодо, курууда окуучулардын эмгек ишмердүүлүгүн калыптандыруучу аянтчаларды, технопарктарды куруу милдети бар.

Азыркы мектеп көп тилдүүлүктүн мектеби болсун. Ааламдашуу доорунда жыйырма биринчи кылым жаңы коммуникациялардын мезгили болгону үчүн көп тилди өздөштүрүүнүн зарылдыгы келип чыкты. Кыргызстандын шартында жок дегенде үч тилди: кыргыз тилин, орус тилин жана англис тилин өздөштүрүү шарт. Мектептеги билим берүү процессинде тигил же бул предмет ушул тилдердин биринде жүргүзүлгөнү жакшы.

Учурда мектеп курагындагы балдарды окутуунун натыйжалуу формалары менен методдорунун, моделдеринин жеткиликтүү түрлөрү, жолдору иштелип чыккан. Билим берүүнүн жана тарбия иштерин жүргүзүүнүн улам бирин экинчиси алмаштырууга мүмкүн болгон жаңы типтери, формалары иштелип чыгууда. Окутуунун буга чейин туруктуу деп эсептелген салттуу ыкмалары менен методдору акырындап өз ордун окутуунун инновациялык формаларына (чартердик мектептер, үй-бүлөлүк мектеп, хомскулинг, анскулинг, долбоордук мектептер ж.б.) бошотуп берүүдө.

Ошентип, биз мектептик билим берүүнүн жаңы баскычына келип, революциялык ири өзгөрүүлөрдү жасоонун босогосунда турабыз. Мындан башка альтернативалуу жол бизде жок. Мындай улуу бурулуштар мектептик билим берүүнү жана жалпы билим берүү тутумун демократиялаштыруу аркылуу гана ишке ашырылышы ыктымал.

### Мектепти демократиялаштыруу

Билим берүүнү уюштуруунун жана башкаруунун административдик-командалык ыкмалары аны жаңылоонун жана кайра түзүүнүн жолуна

бөгөт коюп, билим берүү тутумунун толуккандуу өнүгүшүнө тоскоол болуп келген саясат жүрдү. Учурда мектеп өз алдынча, а коом өзүнчө күн өткөрүп калган чагы. Ушундай абалда мектеп, андагы окутуу, тарбиялоо процесси артка карай кетенчиктегенден кетенчиктеп барат. Мектеп бүгүнкү реалдуу турмуштан алыстап калды. Ал реалдуу жашоодон да кыйла артта калды окшойт. С.Френенин сөздөрү менен айтканда: “Эгерде прогресс 10 деген ылдамдык менен баратса, мектептин ылдамдыгы 1 ге барабар”. Мындай абал мектептеги консерватизмдин, чектелгендиктин, реалдуу турмуштан алыстап, артта калуунун жыйынтыгы болду, көпчүлүк эксперттер айтып жүргөндөй, азыркы мектеп, аны башкаруу, анын ишин уюштуруу бир адамдын эркине баш ийдирилген абалда.

Мектептин багыты эми коомго, анын кызыкчылыктарына каратылып, инсандын муктаждыктарын канааттандырууга багытталышы керек. Анын коомдон, анын кызыкчылыктарынан, алыстап баратканына бөгөт коюу зарыл, мектептин коомдук процесстерден четте калганын дароо оңдоо милдети турат.

Мектепти демократиялаштыруу – бул аны жаңычыл башталыштарга карай багыттоо дегендик, анын прогрессивдүү аракеттерди жасоого шарт түзгөн аянтча катары кароо дегендик.

Мектепти демократиялаштыруу – бул аны башкарууну либералдаштыруу жана борборлоштуруудан алыстатуу, мунун өзү бүтүндөй билим берүү тутумун демократиялаштыруу дегендик.

Мектепти демократиялаштыруу – бул билим берүүнүн мазмуну менен технологияларын иштеп чыгууда стандартташтыруудан оолак болуу дегендик.

Мектепти демократиялаштыруу – бул ар бир окуучунун жеке жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу, анын табиятынан жаралган жеке жөндөмшыктарын өстүрүү дегендик.

Мектепти демократиялаштыруу – бул ишмердүүлүктү, анын багыттарын, технологияларды, башкаруунун формаларын туура тандоо, мектеп турмушуна коомдун активдүү аралашуусун камсыз кылуу дегендик.

## Мектепти гумандаштыруу жана гуманитаризациялоо

Мектепти гумандаштыруу – бул окуу-тарбия процессин уюштурууда окуучунун курактык жана психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, бул баланын окуу жүктөмдөрүн жөнгө салат. Азыркы окуу пландары, аларга ылайык түзүлгөн расписание, окуучуга сунуш кылынган окуу жүктөмдөрү ден соолугу чың окуучуга гана ылайыкталып, ошолор да муну ден соолугуна залакасын тийгизбегендей араң өздөштүрүшөт.

Мектепти гумандаштыруу – бул мектептеги сабактарды адамга, анын

мүмкүнчүлүктөрүнө ылайыкташтыруу дегендик. “Сабактардын азыркы теориясы менен практикасы эскилиги жетип, жараксыз абалга келди, мында мугалим менен окуучунун ортосундагы бирин-экинчисин оңдойм деген аракеттеги көзгө көрүнбөгөн тирешүүгө айланып калды, мугалим окуучусун өзүнүн ыгына салгысы келет, окуучу салынбайт. Теория менен методика сабактарды турмуштан алыстатып, жансыз нерсеге айлантты. Мугалим үчүн бала, инсан эмес, окууга, сабактарды кынтыксыз өздөштүргөн окуучу гана болуп калды. Сабактар балдарга багытталбай, формалдуу дидактиканын мыйзамдарына баш ийдирилип, балдардын жашоосун уюштуруунун формасы эмес, окуу процессин уюштуруунун гана негизги формасы болуп калды. Мектептеги сабактар жаңылануууга, инсанга ылайыкташтырылууга муктаж” (Ш.Амонашвили).

Азыр көпчүлүк балдардын айласыздыктан гана барбаса, мектепке баргысы келбейт, алар үчүн мектеп ыңгайсыз, кызыксыз жайга айланды, барса, анысын үстүртөн түшүрүлгөн кандайдыр бир милдеттемелерди аткаруу үчүн барышат. Ансыз да милдеттүү түрдө обу жок күчөтүлгөн окуу жүктөмдөрү балага терс таасирин тийгизип жатат, мунун баары баланы чарчатып, психофизиологиялык стресске, чыңалууга алып келүүдө, түпкүлүгүндө, анын жалпы саламаттыгына зыян келтирилип жатат дегендик. Мектепти аяктаган окуучу жүрүп олтуруп ар кандай ооруга чалдыгат. Ошондуктан мектептеги бүтүндөй окуу-тарбия процессин жана сабактардын негизги компоненттерин гумандаштыруу зарылдыгы бар.

Окуучу мектепте убактысын курулай кетирбей, ал анын кызыктуу жашоосу менен тыгыз аралашсын. Бүтүндөй окуу-тарбия процесси “окуучуну анын болгонун болгонундай толук кандуу элесин, анын эркиндигин, сабаттуулугун камсыз кылсын, гумандуулуктун мыйзамдары менен жашаган, келечегине ишеним арткан, ага умтулган инсанды калыптандырууга багытталышы зарыл” (Ш.Амонашвили).

Билим берүүнү гумандаштыруу бул эң оболу билимди адамга, анын инсандыгына ылайыкташтыруу, адамдын адеп-ахлагынын башкалардын алдында, коомдун, табияттын алдындагы жоопкерчилигинин негизи катары гумандуу көз карашты калыптандыруу.

Табиятка карата болгон жырткычтык мамиле – алысты көрө билбеген, руханий жан дүйнөсү жакыр, технократтык ой жүгүртүүнүн натыйжалары. Технократтык түшүнүктөгү адам башкалардын, коомдун жана табияттын алдында жоопкерчиликти сезбейт. Профессор В.П.Зинченконун түшүнүгүндө: “Технократтык ой жүгүртүү – бул акылдуулукту, даанышмандыкты четке каккан акыл эс. Технократтык түшүнүктөгү адам үчүн адеп-ахлак, намыс сыяктуулар жокко эсе. Азыркы заманда ой жүгүртүүнүн мына ушундай түрү реалдуу күчкө айланды да глобалдык проблемалардын жаралышына себепчи болууда”.

Билим берүүнү гумандаштыруу – бул абалтан адамзат иштеп чыккан маданиятка, руханий баалулуктарга кайрадан кайтуу дегендик. Ошол эле учурда биздин билим берүү саясатыбыз көп жылдардан бери руханий маданияттын жетишсиздигинен жабыр тартып келет.

Билим берүүнү гуманитаризациялоо окуу процессинде гуманитардык предметтердин санын гана көбөйтүп чектелбей, бүтүндөй окуу процессинин өзүн чыгармачыл, сынчыл ой жүгүртүүгө өбөлгөлөрдү түзүү максатын көздөйт. Мында адамдын чыгармачыл инсан катары мүмкүнчүлүктөрүн ачкан предметтер, айталы, адабият, көркөм сүрөт өнөрү, музыка буга чейин окуу процессинен көп орун алган эмес. Мектептеги иерархиялык предметтерден баш тартуу мезгили келди, окуу процессин интеграциялоого, вариативдештирүүгө келүү зарыл, эми окуучунун инсан катары руханий адеп-ахлактык негиздерин калыптандыруу мезгили келди.

Мектепте окуучуга так илимдердин негиздерин обу жок жаттата бербей, анын адеп-ахлагын тазарта турган гуманитардык билимдерди көбүрөөк сунуш кылышыбыз абзел. Ошол так илимдердин өкүлдөрүнүн көбү мектепте технократиялык кризистин жайылып бара жатканын эскертишүүдө, алар да так илимдердин негиздери адамдын жан дүйнөсүн тазарта албашын моюндарына алып жатышат. Ал эми искусство өзүнчө предмет, сабак катары негедир билим берүү тутумунун пландарынан четтетилип калган, анын ар дайым руханий азыктын булагы болуп келгендигин унутпашыбыз керек.

Мектеп да, коом да алиге чейин руханий адеп-ахлактык, эстетикалык негиздердин өсүп келе жаткан муун үчүн зарыл экендигин, буларды окуу процессине кайтаруу керек экендигин сезе элек окшойт. Мунсуз бүгүн же эртең жакындап келе жаткан экологиялык катастрофадан да жаман натыйжаларды аларыбызды сезишибиз керек. Руханий, адеп-ахлактык кризис бүгүн адамдарды жаратылышка карата жырткычтык менен мамиле жасоого көндүрүп салды (“жан дүйнөнүн жакырдыгынан жер бети жакырданып баратат”).

Мектепке искусствонун бардык түрлөрү предмет катары, окуучунун руханий, адеп-ахлактык жана эстетикалык түшүнүктөрүн калыптандыруучу негиз катары кайрадан киргизүү зарыл. Бүгүнкү күндө искусство чыгармачылыктын азырынча мектеп түшүнө элек күчү. Мектептеги чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруучу негиз ушул искусстводо жатат. Билим берүү тутумундагы калган бардык башка предметтерге караганда искусство гана муну натыйжалуу бере алат. Ушунун баарын биз эмдигиче түшүнбөгөнүбүз кылмышка тете. Профессор В.Алексееванын сөзү менен айтканда: “...баланын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүнө, анын чыгармачылык менен мамиле жасоосуна искусство

гана түрткү боло алат”. Искусство балага өнүгүүнүн эки ишенимдүү формасын сунуш кылат: “ишмердүүлүк” жана “түшүнүү”.

## Билим берүүнү цифровизациялоо

Билим берүү тутумун цифровизациялоо бүгүн зарыл экендиги чындык. Бир катар мектептер, билим берүү уюмдары информациялык-коммуникативдик технологияларды окуу процессине киргизип жатышат. Электрондук окуу китептери, мобилдик тиркемелер, ар кандай темаларга ылайыкталган веб-сайттар, вебинарлар жасалып колдонулуп жатат. Мунун баары реалдуу көрүнүш, болгону муну туура пайдалануу жагы гана калды.

Ар бир адамдын бүгүн интернет жана веб-технологияларды эркин пайдалана алышын жашоо талап кылып турат, ал ар кандай санарип булактарынан маалымат ала алгандай болсун, виртуалдык кыртышта ал сүйлөшүүгө, эркин байланышууга даяр болсун. Мунун баары мектептеги билим берүүнүн салттуу технологияларынан баш тартуу керек экендигинен кабар берет.

Окуу процессин уюштуруунун класстык сабак системасы, ал буга чейин негизги аянтча болсо да, анда окуучу билим менен тарбия алганы менен анын ордун бүгүн санариптик технологияларды колдонгон салттуу эмес технологиялар алмаштырып жатат. Мунун негизги себеби – бүгүн мектепте “Z” муунундагы балдар окушат, булар “санариптик аборигендер”. Бул балдар интернетке чейинки дүйнө кандай болгонун билишпейт, ушунун өзү булардын баалуулуктары менен көз караштарын аныктап турат.

Бүгүнкү күндө дүйнөдө информациялык-коммуникативдик технологияларды пайдаланып окуу процессин уюштуруунун көптөгөн формалары иштелип чыккан. Кыргызстандын билим берүү тутумунун милдети ошол технологияларды пайдалануу менен кыска мөөнөттүн ичинде окуу процессин уюштурууну кайрадан карап чыгуусу зарыл.

Кыргыз Республикасынын санариптик трансформация боюнча улуттук программасы маалыматтык коомду түзүү жагына бет алды. Буга билим берүү системасы гана көмөкчү боло алат, анткени мындай технологияны өздөштүргөн адамдарды билим берүү тутуму гана калыптандырат, ошондо гана ар бир адамдын жеке сапаттары, анын ааламдашуу шартына туруштук бере ала турган атаандашууга чыдаган адис катары калыптануусун камсыз кылмакчы.

## Тарбия

Билим берүүнүн учурдагы системасында тарбия процесси, тарбия ишмердүүлүгү административдик–башкаруу ыкмасына ылайыкташтырылып, тарбиялык иштердин баары жогортодон сунуш кылынган да, аларды кыйшаюусуз аткарууга мажбурлаган абалда болуп келди. Мында окуучулардын кызыкчылыктары менен эсептешүү деген болгон эмес.

Тарбия иштери мазмуну менен формасы боюнча жогортодон түшүрүлгөн регламент менен жүргүзүлүп, бир жактуу – мугалимден окуучуга багыталган иш чаралар болду. Тарбия иштерин жүргүзүүнүн мындай ыкмасы баш ийдирүү тартибин киргизди, “мунун негизинде калыптандырылган окуучунун аткаруучулук психологиясы өзүнүн жеке эркин жана жеке чыгармачылыгын басмырлады, анын чындыкка болгон сынчыл көз караштары да басмырланды. Ошентип, окуучунун инсан катары социалдык, адеп-ахлактык өнүгүүсү жасалма түрдө тушалды, ооздукталды” (О.С. Газман).

Турмуштун учурдагы абалы тарбияга болгон мындай көрүнүштүн жараксыз экендигин далилдеди. Тарбия ишине болгон мындай мамиле учурдун адамын калыптандыра албасы айдан ачык болуп калды.

Ааламдашуу мезгилиндеги мектеп элдин руханий маданияты менен салттарына негизделген тарбиянын нукура маңызын жандандырышы керек, аны чоңдор менен балдардын биргелешкен жашоо ишмердүүлүгүнүн процесси катары карашы керек.

Улуулар менен балдардын биргелешкен жашоо ишмердүүлүгүн уюштуруу маселеси инсанды тарбиялоонун жана калыптандыруунун максатка баш ийдирилген материалдык негиз катары каралышы шарт. Улуулар менен кызматташканда гана бала улуу муундан кичүүлөргө бериле турган баа жеткис руханий-маданий тажрыйбага ээ боло алат. Мындай кызматташтык жок жерде тарбия иши натыйжасыз болуп, формалдуу нерсеге айланат. Улуулардын реалдуу таасиринен ажыраган бала кийин балакатка жеткенде, же моралдык жактан бузулушу мүмкүн, же ар кандай кылмыш иштерине барышы толук ыктымал. Экинчи жагынан, балага карата улуулардын жеме аралаш жекиген насааттары же буйруктары, администртивдик-командалык стилдин болушу тарбия ишине залакасын тийгизбей койбойт. Же тарбия ишиндеги кызматташтык, же бала менен тирешүү – экөөнүн бирин тандоо мезгили келди.

Тарбиянын түпкүрүндө муундан – муунга берилип келген маданий баалуулуктар жатат. Маданий баалуулуктар менен салтты мыкты өздөштүргөн бала коом менен ымалада жашай алат, социалдык жактан туруктуу болот, коомдук иштерге активдүү аралашып, психологиялык жактан да өзүн ыңгайлуу сезет.

Салттуу маданий баалуулуктар Осип Мандельштам айткандай, “кылымдардын катачылыктарынын үстүндө аларды оңдоп турган кебелбес аска” катары тарбиянын негизин ар дайым түзүп келген. Булар кайсыл баалуулуктар? Баарлашуунун маданияты, бирге жашоо кечирүүнүн маданияты, эмгектенүүнүн маданияты, экологиялык маданият, дене тарбия маданияты, үй бүлөдөгү мамилелердин маданияты, укук маданияты ж.б. – мунун баары жашоонун, өмүр кечирүүнүн негизин түзүп турат.

Мектептеги тарбия иштери өз алдынча окуу предмети катары класстан жана мектептен тышкаркы иштердин расписаниесинен алынышы керек, ал ар бир предметтик сабактын ички тулкусунда жашап, тынымсыз жүргүзүлө турган процесс. Тарбияны тынымсыз жүргүзүлүп турган ишмердүүлүктүн негизине айлантуу зарыл, бирок ал иштер чыгармачылык менен жүргүзүлсүн. А.С.Макаренконун тили менен айтканда: “Жүрүм-турум менен коштолбой курулай сөз менен жүргүзүлгөн тарбия – бул кыянатчылык менен жасалган кылмышка тете”.

Өндүрүштүк-эмгектик негиздерге таянылбай тарбия иштерин жүргүзүп жаткан элитардык-академиялык багыттагы азыркы мектеп окуучунун маданий-руханий баалуулуктарын калыптандыра албайт. Анткени класстан тышкаркы тарбия иштери мунун ички маңызынан да, андагы материалдык, адистик мүмкүнчүлүктөрүнөн да, ички шарттарынан да жаралган эмес. Ошондуктан эми жалпы билим берүү тутумун, анын ички маңызын тарбия иштерин таасирдүү жүргүзүүгө багыттап кайрадан түзүп чыгуу зарылдыгы бар.

## Азыркы учурдун мугалими

Мугалим – мектептеги билим берүү тутумунун башкы адистеринин бири. Андагы жаңылануулар мугалимдин акылы, жан дүйнөсү, жүрөгү аркылуу өтүп, ал ошондой жаңылануюларга даяр болгондо гана мектептеги ар кандай реформалар натыйжаларын бермекчи. Коом азыр мугалимдин алдында карыздар. Кайсыл бир учурда айтылып калган “мугалим, сенин ысымыңды укканда сага тизе бүгүп таазим кылууга даярбыз”, - деген сөздөр коомдун аң сезиминен биротоло жуулду, унутулду. Мугалим деген улуу даража башка адистиктердей эле катардагы бир түшүнүккө айланды, мугалимге коом эч нерсе өндүрбөгөн тармактын өкүлү катары мамиледе болсо, ага баалуулуктарды өндүрбөгөн жумушчу катары мамиле жасай берет. Мугалимдин коомдогу орду – руханий өндүрүштүн эң бир татаал болгон адам капиталын өндүрө турган тармактын өкүлү экендигин коом эле эмес, мугалим өзү да сезгендей болсун.

Мамлекет да, коом да мугалимге көңүлүн өзгөчө бурушу керек. Ш.Амонашвилинин сөзү менен айтканда: “Мугалим – элдин руханий устаты. Мугалимдин керектөөлөрүн унуткан өлкө эч качан күчтүү өлкө боло албайт. Күчтүү мугалим өзүндөй эле күчтүү балдарды тарбиялайт, бактылуу мугалим бактылуу баланы өстүрөт”.

Тээ жыйырманчы кылымдын башында эле орус окумуштуусу Н.К.Рерих минтип жазыптыр: “Мугалими жакырдыкта жашаган өлкөнүн жолу болсун. Балдарын жакыр мугалим окутуп жатканын билген ата-энелерге уят, жолу болсун. Келечек муундарды ойлоп жаткан мугалимге кам көрө албаган элге уят гана эмес, шермендelik, билимсиздик мүнөздүү. Балдарын окутуп, тарбиялап жаткан мугалимди унуткан эл өзүнүн келечегин унутту деп кайталагым келет”.

Убакыт күтүп отурбайт. Бүгүн Кыргызстанга акылдуу, сабаттуу, жакшы билими бар компетенттүү мугалим керек.

Азыркы мектептин мугалими өз ишин дилиндей сүйгөн, чыгармачыл адис болушу шарт. Ал мектепте окуучуну кызыктырып турган бардык суроолорго жооп берүүгө даяр болгон биринчи адам, окуучулар анын сый-урматка татыктуу сапаттарын: талыкпас күч-кубат, энергияны, кемибес акылды, терең интеллектти, билимди, асылзат касиеттерди көрө билишсин. Ал окуучуларына жол көрсөтүп гана тим болбой, аларды ээрчитсин, жетелесин. Мугалим элди да тарбиялоочу адам. Ал адамдардын бардык муундарынын руханий устаты. Бала бакчадан тартып университетке чейинкилердин көз алдында мугалим эң бир татыктуу адам катары кабыл алынсын. Ошондуктан бул ишке, мындай кесипке, акылы жеткилең, таланттуу адамдарды тандап алуу зарылдыгы келип чыгат. Мунун ошончолук зарылдыгы ушунда – азыркы муунду алмаштыра тургандарды окутуу, турмушка даярдоо иши ошол мугалимдин колунда эмеспи, буга альтернатива жок.

Педагогикалык кадрларды даярдоонун азыркы абалы жараксыз болуп калды. Бул тармакты түбүнөн тартып кайра куруу, өзгөртүү талап кылынып турат. Педагогикалык кесипти жалпы билим берүүчү орто мектепти аяктап жаткандардын ичинен мыктылардын мыктысы тандашы керек.

Университеттер өлкөбүз үчүн мугалимдерди даярдап гана тим болбой, окутуу ишин, окуу методикасын жаңырта турган, окуу китептерин оңдой турган, кошумчалай турган адистерди даярдашы керек. Андай адистер окуучулардын жаңы муунун түшүнүп, алар менен кызматташтыкта болсун, тынымсыз өзгөрүүлөргө тушугуп турган окуу чөйрөсүнө аралаша алгыдай болсун, өлкөнүн өзгөрүшүнө да салымдарын кошкудай болушсун. Азыркы мугалим билимди, окуу маалыматтарын кабардап туруучу, же болбосо, өткөрүп берип туруучу адам эмес, ал

балдардын чыгармачыл кызыктуу иштерин уюштуруучу катары аларга өз тажрыйбасын өткөрүп берүүчү адам. Ал өзү үлгү болуп, окуучусун кызыктырышы керек.

## Мектептин структурасы

Азыркы заманбап мектептин  структурасы мурдагыдай бойдон калышы керек:  I баскыч – башталгыч класстар, II баскыч – негизги мектеп жана III баскыч – жогорку класстар. Мектепке даярдык көрүлүүчү мектепке чейинки тарбия билим берүү системасында негизги мааниге ээ болушу керек. Мектептин мындай структурасы салттуу болгону менен, муну ааламдашуу мезгилине ылайыкташтырып кайрадан карап чыгуу зарылдыгы бар.

## Мектепке чейинки тарбия

Изилдөөчүлөрдүн пикирине ылайык, баланын төрөлгөнүнөн жети жашка чейинки, же мектепке чейинки мезгили дене түзүлүшү жагынан да психологиялык жактан да ыкчам өнүгө турган мезгили болот, ушул мезгилде анын өмүр бою керектөөчү сапаттары калыптанат. Бул курактын дагы бир өзгөчөлүгү баланын кийинки жашоосунда ала турган адистик билимдерине негиз боло турган жалпы психологиялык, физиологиялык жана когнитивдик көндүм-адаттары калыптана баштайт.

Мектепке чейинки мезгилди шарттуу түрдө курактык үч топко бөлүүгө болот: ымыркай мезгили (баланын төрөлгөнүнөн бир жашка чейинки мезгили); алгачкы балалык мезгили (1 жаштан 3 жашка чейин); мектепке чейинки балалыгы (3 жаштан 7 чейинки мезгили). Баланын өнүгүүсүндөгү мегилдердин мындай бөлүштүрүлүүсү  формалдуу мүнөзгө ээ болгону менен, бул курактардын ар бири психологиялык жана физиологиялык өнүгүү жагынан бири-экинчисинен кескин айырмаланып турат.

Баланын ымыркай мезгилинин өзгөчөлүктөрү булар. Бир жашка толуп бараткан мезгилинде бала чөйрөгө аралашуунун жөнөкөй гана көндүмдөрүнө ээ боло баштайт, ага жасалган мамилени, кайрылууну кабыл ала баштайт, жакындарын тааный баштайт. Кыймылдары калыптана баштайт: эмгектейт, акырындап бутуна тура баштайт, алгачкы кадамдарын таштайт, буюмдарды кармалайт, жөлөнөт. Улуулардын чакырыктарына жооп иретинде үн чыгарат.

Балалыктын алгачкы мезгили элементардык баарлашуунун калыптанышы менен мүнөздөлөт, сөз, сүйлөм түзүү, байланыштуу речи калыптана баштайт. Бала улуулардын айткандарын түшүнүп, өзүнүн ысымын билип калат, акырындап чөйрөнү өздөштүрүүсү калыптанат.

Акырындык менен ал ой жүгүртүүнүн образдык формасын өздөштүрө баштайт. Буюмдарды кармалап, даамдап көрөт, түсүн ажыратат, ойногонго жарап калат. Мындай куракта Масару Убука айткандай, ар бир бала өзүнчө таланттуу. Баланын курагындагы алгачкы жылдарында анын мээсинин канчалык өсүшү, өнүгүшүнө көп нерсе байланыштуу болот. “Баланын психологиясын жана анын мээсинин физиологиясын изилдөөнүн жыйынтыктарына ылайык анын акыл-эсинин өнүгүшүнүн ачкычы, же негизи катары алгачкы үч жылы, башкача айтканда, анын мээ клеткаларынын калыптануу мезгили экен. Бир дагы бала гений болуп же келесоо болуп төрөлбөйт. Баары ага түрткү болуудан жана анын мээсинин өнүгүшүнө жараша болот. Бул курак баланын төрөлгөнүнөн үч жашка чыкканга чейинки мезгили”.

Мектепке чейинки балалык аң-сезимдин символикалык негиздерин калыптандыруу менен мүнөздөлөт, ушул куракта анын интеллектуалдык, аң-сезимдүү жөндөмдүүлүктөрү калыптанат. Айлана чөйрө менен карым-катышынын аянты кеңейет. Бул мезгилдин соңунда бала баарына кыйла кенен карап, жакшы-жаманды ажыратып калган мезгили болот. Тегеректе эмне болуп жатканын аң-сезимдүүлүк менен түшүнүп, өзүн-өзү да баалай баштайт. Баланын толуккандуу социализацияланышы да дал ушул куракта жүрөт. Таанып билүү ишмердүүлүгүнүн алгачкы элементтери калыптана баштайт. Бала айрым бир тоскоолдуктардан чыгуунун аракеттерин жасай баштайт. Ал ушул куракта абдан эле активдүү жана эмоционалдуу, дене түзүлүшү да интенсивдүү өсө баштаган мезгили. Бул мезгилдин соңунда баланын билим-тарбия этабынын кийинки баскычына өтүүгө даяр экендигинин белгилери акырындап калыптана баштайт.

Мектепке чейинки тарбия кандай болушу керек?

Биздин мектепке чейинки тарбия ишибиздин азыркы абалы мезгилдин талаптарына жооп бербейт. Муну биз жакынкы күндөрдө оңдошубуз керек. Оболу мектепке чейинки мекемелердеги билим-тарбия процессинин мектептик моделинен баш тартышыбыз абзел. “Бала бакча” деп аталган алгачкы мазмунга кайрадан кайтуу зарылдыгы чыкты. Ошол “бала бакча” гана баланы табиятка жакындатып, ар кандай оюндардын көмөгү менен алардын билгичтиктерин, көндүм-адаттарын калыптандыра алат. Бул иш мектептегидей мажбурлоочу мүнөздө эмес, баланы кызыктыруучу, алаксытуучу мүнөздө болгону туура.

Балдардын мектепке чейинки турмушу кызыктуу, ыңгайлуу болушу шарт, ал үчүн ал мекемелер ошого ылайыкташтырылып курулганы туура, мында балдар эрежелери сакталган оюндар менен алек болсун, ошондо баланы спонтандык импульсивдик аракеттерден арылтат, чөйрөнү акырындык менен аң-сезимдүү тааный баштайт. Эрежелери сакталган оюндар баланы өзүнүн кыймыл-аракеттерин көзөмөлдөөгө көндүрөт.

Акырындык менен баланын таанып билүүчүлүк, эрктик, эмоционалдык өзүн-өзү регуляциясынын алгачкы өбөлгөлөрү калыптана баштайт.

Оюндар арасында балдардын бош убактылары да болгондой болсун, мындай учурда алар ар кандай чыгармачылык, ойлоп табуучулук иштер менен алек болот. Мында да, жанагы оюндар аркылуу бала жашоосуна зарыл болгон көндүмдөргө ээ болот.

Мектепке чейинки тарбия мезгилинде баланын речи активдүү калыптана баштайт. Бул мезгил баланын сенситивдик-коммуникативдик речинин калыптанышына ыңгайлуу учур, булар болсо анын бүтүндөй кийинки жашоосуна зарыл нерселер. Тарбиячынын жетекчилиги менен алар баарлашуунун, пикир алмашуунун негиздерин өздөштүрүшөт. Мындай шартта анын сөздүк запасы кеңейет, байланыштуу речинин калыптанышына шарт түзүлөт.

Ааламдашуу мезгилиндеги мектепке чейинки тарбия иши көп тилдүүлүккө негизделиши керек, балдардын башка маданият, башка тилдер менен аралашуусуна керектүү шарттар түзүлүшү зарыл.

Мектепке чейинки тарбия ишинде топторго бөлүп окутуу чоң мааниге ээ. Андай сабактар эркин, табигый шартта өтүлүшү керек. Ал сабактарда бала оңой кабыл ала турган жана өздөштүрүүгө жеңил болгон, ар кандай темадагы дидактикалык оюндарды уюштуруу зарылдыгы келип чыгат. Башкача айтканда, оюн менен түшүндүрмө сабактардын жуурулушунан жаралган жаңы сабактар болушу керек.

Мектепке чейинки мекемелерде аң сезимдүү эмгектин жөнөкөй көнүгүүлөрү, машыгуулары калыптандырылышы зарыл. Мындай учурда балдарга улуулардын жумуштары менен тааныштыруу максатка ылайык. Мунун баары баланын эмгектенүүгө болгон кызыгууларын, умтулууларын калыптандырууга баш ийдирилиши зарыл.

Ата-энелер, үй-бүлө мектепке чейинки тарбия ишине активдүү катышып, бала бакчалардын ишине да көмөгүн аябашы керек. Ушунда гана мектепке чейинки тарбия иштери натыйжалуу жүргүзүлөт.

Мектепке чейинки тарбия иштеринде тарбиячынын ролу эч нерсе менен алмаштыргыс. Тилекке каршы, бүгүнкү тарбиячылар программалар менен методикалык көрсөтмөлөрдүн, кызматтык милдеттерин аткаруучулардын алкагынан чыкпай калышты.

Биздин милдетибиз тарбиячынын статусуна болгон мамилебизди түп тамырынан бери өзгөртүшүбүз керек. Тарбиячы – бул баланын кийинки жашоосун туура түптөй билген инсан. Ал жүрүп отуруп дарыяга айлана турган булактын башатында турат. Жакынкы күндөрдө ошол тарбиячыларды даярдоонун программаларын кайрадан карап чыгуу зарылдыгы бар, эми ар бир топто жогорку квалификациялуу педагог-психолог менен жогорку квалификациялдагы тарбиячы иштеши керек,

мындай дифференцияланган система мектепке чейинки ар бир мекемеге киргизилсин. Мындай кесипке балдарды сыйлаган, урматтаган, сүйгөн адамдар гана тартылсын.

## Башталгыч мектеп

Башталгыч класстар – жалпы билим берүүчү орто мектептин биринчи баскычы. Мында окутуу иши төрт жылга созулуп, баланын алты-жети жаш курагынан башталат. Жети жаш курак сабактарды системалуу уюштуруунун мезгили катары каралып келет.

Буга чейин биздин билим берүү системабыз ылайык таштырылган дүйнө эми жок. Биз такыр эле башка ааламда жашап жатабыз. Ошондуктан мектептеги билим берүү тутумунун фундаменталдык негиздерин кайрадан карап чыгышыбыз керек. Жаңы шарттарда биз балдарыбызга эмнени үйрөтүп, кантип үйрөтүшүбүз керектигин кайрадан карап чыгуу зарылдыгы келип чыкты.

“Коменскийден тартып улантылып келе жаткан окуу-тарбия тутуму, - деп жазат  Д.Н.Фельдштейн, - эскилиги жетип, аны айрым бир оңдоолор, жадесе бүтүндөй системага киргизилген жаңылануулар, айрым бир проблемалык кырдаалдарын чечип салуу, колдогу бар окуу китептерин жаңыртуу сыяктуу аракеттер жардам бербей калды. Маселе айрым бир толуктоолор тууралуу эмес, таптакыр жаңы, теориялык терең иштелип чыккан концепцияны иштеп чыгууда турат”

Мектептеги бүтүндөй билим берүү тутумун оптмизациялоо жагын коом алда качан сезип, туйган, мында анын негизги тутуму болгон башталгыч класстарга өзгөчө маани берүү зарыл. Мектептин кенже курагы – бул интенсивдүү өнүгүүнүн жана таанып билүү процессинин ачкычы катары инсандын кийинки өнүгүшүнө негиз болуп берүүчү курак.

2014-жылы кабыл алынган жалпы билим берүүнүн жаңы стандарттары билим берүүнүн сиентикалык моделинен компетенттүүлүк моделге өтүүнү шарттаган эле, бул анын жалпы парадигмалары менен маданиятын өзгөртүүнү талап кылган билим берүүнүн жаңы философиясы болчу.

Билим берүүнүн философиясына ылайык, мугалим эми өз алдынча билим алууга ынтызар болгон окуучуга устат гана болуп, кеңешин берип турат. Билимдин конкреттүү объектилери боюнча окуучу менен баарлашат – азыркы мектептеги ар кандай предметтерди окутуунун философиясы мына ушундай болушу керек.

Билим берүүнүн азыркы философиясы академиялык парадигмаларды четке кагып, анын экологиялык парадигмаларына өтүүнү шарттайт. Билим берүүнүн академиялык парадигмалары мектепте

алынган билимдин реалдуу турмуштан алыс экендигине көзүбүз жетти. Ал эми анын экологиялык парадигмалары билим менен билгичтик жуурулушуп келип, үйрөнүлүп жаткан предметтин социалдык, инсандар аралык жана предметтик өзгөчөлүктөрүн эске алууну сунуш кылат. Биз акырындап мектепте бир предметти гана окутуудан четтеп, көп дисциплиналуу предметтер аралык билимди беришибиз керек, ошондо гана реалдуу турмуштун татаал кырдаалдарын чечүүгө жол ачылат. Мында балага гана негизги маани берилип, анын руханий жан дүйнөсүнүн, дене боюнун өнүгүшүнө жумшалып, өзүнүн жашоосун түптөй турган адамдын өсүп жетилишине өбөлгөлөр түзүлмөкчү.

Башталгыч класстардагы билим берүү тутуму эртеңки күнгө даярдануунун гана процесси болбостон, баланын табигый өзгөчөлүктөрү менен акыл-эс кабылдоосуна багытталып, келечекте жашоодон өз ордун тапкан адамды тарбиялоо милдети биринчи орунга чыгат.

Биз эми билим берүүнүн же алуунун негизги көрсөткүчтөрү болгон билим, билгичтик жана көндүм-адаттардан окуучуну реалдуу жашоого даярдай турган окуу-тарбия процессине өтүшүбүз керек. Эми окуучу турмушунда активдүү жарандык позицияны ээлесин, турмушундагы милдеттерди чече билсин, кызматташа билсин, топ менен иштөөгө көнсүн, учурдагы рынок шарты талап кылган нерселерди бат үйрөнүүгө жарагыдай болсун.

Башталгыч мектепте кайсыл билимдер менен компетенциялар калыптандырылышы керек? Баарынан оболу, окуучу жогорку класстарда окуусун улантып кете ала турган билим, билгичтик, компетенцияларга ээ болушуна басым жасалышы керек.

Азыркы мектеп балдары информациялык-санариптик технологиялардын, интернеттин мезгилинде төрөлгөн балдар экендигин унутууга болбойт, алар алгачкы “диджитал” муун, же болбосо булар “санариптик аборигендер”. Булар интернетке чейинки жашоо кандай болгондугун билишпейт, ушунун өзү булардын баалуулуктарын, көз караштарын аныктап турат.

Булар ата-энелеринен, мугалимдеринен, тарбиячыларынан кескин айырмаланып, коомду өзгөртүп жибере ала турган күчтүү каражаттарды – санариптик маалыматтарды, коммуникация технологияларын өздөштүрүп алган алгачкы муун. Мунун өзү булардын мектепте да, үйдө да мамилени бүтүндөй өзгөрттү, мектепте мугалим, а үйдө ата-эне санариптик технологиялар жаатында окуучудан же баласынан үйрөнүүчү окуучуга айланды.

Жалпыга бирдей мамиле жасалган, же билим берүүгө бир жактуу мамиле жасалып келген салттуу модель мындай окуучулар менен иштөөнүн натыйжасыз экендигин далилдеди. Интернет муундун окуу

ишмердүүлүгүнө, сабактарга болгон активдүү мамилесин түптөө үчүн принципиалдуу жаңы методдорду колдонуу зарылдыгы келип чыкты, ал методдор интерактивдүү, индивидуалдаштырылган, кызыктуу жана чыгармачыл болушу шарт.

Мектептердеги салттуу предметтер азыркы окуучуга зарыл болгон билгичтик менен компетенцияларды бере албайт, бүгүнкү күндүн талабы – маданияттар аралык мамиле, айлана-чөйрө, табигый ресурстар маселесиндеги сабаттуулук; экономика, бизнес жана ишкердик жаатындагы финансылык сабаттуулук; саламаттыкты сактоо, туура азыктануу, профилактикалык медицина жаатындагы сабаттуулукту; жарандык милдеттемелер, коомдук иштер, адеп-ахлактын тазалыгы, социалдык адилеттүүлүк жаатындагы жарандык сабаттуулукту мыкты өздөштүрүүнү талап кылат.

Биз азыр улуу бурулуштардын мезгилинде жашап жатабыз. Интернеттин келиши менен бирин-бири мурда таанибаган дүйнө окуучулары бири-экинчиси менен белгилердин, идеялардын, шилтемелердин тили менен эркин сүйлөшүп калышты. Билим берүү стандарттары менен программалардын милдети – окуучуга андай байланыштын негиздүүлүгүнө, пайдалуулугуна карап түзүүнү үйрөтүү. Окуу программалары менен стандарттарды жаңы замандын талаптарына шайкеш келтирип, кайрадан түзүп чыгышыбыз керек.

Азыр мектеп окуучулары интернет түйүнү аркылуу бири-экинчисине активдүү таасир берип, окуу ишмердүүлүгү болобу, билим берүүдөгү ар кандай долбоорлор болобу, өнөктөшүп катышып калышты. Азыркы окуучулардын интернет-мууну күн сайын билим берүүдөгү бул жаңы глобалдык түйүндү эч кандай тоскоолдуктарсыз, эркин пайдаланып калышты.

Азыр окуп, билим алуу үчүн, иштеш үчүн же жарандык укуктар менен милдеттерди ишке ийгиликтүү ашыруу үчүн ар бир аадамга ийкемдүүлүк керек болуп калды, тынымсыз өзгөрүп турган заманда ага ылайыкташуу касиети зарыл болуп калды. Демек, билим берүүнүн стандарттары менен окуу программалары да ийкемдүү болушу шарт. Ийкемдүүлүк – тынымсыз өзгөрүп отурган бул заманда биздин билим берүү тутумубуздун туруктуулугун сактап калуунун бирден-бир шарты.

Билим берүүнүн стандарттары менен окуу программалары рынок мамилелеринин шартында кырдаалга жараша улам өзгөртүлүп турушу шарт. Бул билим берүү тутумунун күнүмдүк шарт-кырдаалдардын туткунунда калсын дегендик эмес, тескерисинче, билим берүүнүн негизги каркасы болгон, ядросу болгон, борбордук мааниге ээ болгон жалпы маселелерди жалпылаштырып, кандайдыр бир “бирдиктүү механизмдин” алкагында соңку ачылыштарды камтыган окуу программалары болсун,

бул зарыл, анткени, билим базасы ылдамдык менен өсүп-өнүгүүдө, татаалдашууда, демек, билим берүү программалары да тынымсыз өзгөртүлүп турушу шарт, ошондо гана ал актуалдуу бойдон калат. Ал окуу программалары балдардын жеке муктаждыктарына ылайыкталып корректировкаланып турушу керек.

Башталгыч класстарда балдардын окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу маселеси артыкчылыктуу орунда турушу шарт, окуу менен жазуу көндүмдөр эне тили менен чектелбей, орус, англис тилдеринде да өнүккөнү талапка ылайык. Бул окуучунун активдүү трилингвизмин калыптандырып, анын мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде эркин сүйлөшүнө алып келет. Окуу көндүмдөрүнүн калыптанышына өзгөчө маани берилиши керек, анткени, окуу баланын башка предметтерди натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн да ачкычы. Башталгыч класстарда элементардык математикалык сабаттуулуктун алгачкы көндүмдөрү калыптана баштайт. Ушуга кошумча иретинде программалоонун элементтерин камтыган санариптик сабаттуулуктун калыптандырылышы максатка ылайык. Бул куракта балдар интеграцияланган сабактарды окуганы жакшы, алардын алган билимдери табият, коом, адам жана анын эмгеги тууралуу түшүнүктөр менен жабдылуусу зарыл.

Башталгыч класстарда дене тарбия сабактарына өзгөчө маани берилиши керек. Дененин сактыгы, саламаттыгы, адамдын жакшы жашоосунун негизги фактору. Башталгыч класстардагы дене тарбия сабактары менен кошо, эле мунун алкагында уюштурулган кыймылдуу оюндар нормага айландырылышы керек.

Баланын үч жашынан он төрткө чейинки курагы анын кол эмгеги менен алек болууга кызыкдар экендиги илимий жактан далиденген. Биздин мектептер, айрыкча андагы башталгыч класстар окуунун мектеби болгондуктан, окуучу көпчүлүк убактысын мектепте өткөрөт, ушул абал баланын кол эмгеги менен алек болууга болгон кызыгуусун арттырбай, кайра бул табигый умтулууларды өчүрөт.

Башталгыч мектептер, бала бакчадан баштап эле баланы эмгекке үйрөтүшү керек, аны ар кандай материалдар менен, эмгек куралдары менен иштөөгө көндүрүү зарыл, ошол эмгектенүүнүнүн алкагында баланы өз алдынча ойлонууга, өз алдынча аракет кылууга көндүрүү зарыл. Ар кандай эмгек ишмердүүлүгү балдардын кайсыл нерсеге болгон жөндөмдүүлүктөрүн аныктап, баланын талантын ойготот. Эгерде анын мындай кызыгуулары канааттандырылса, ал өзүнө-өзү ыраазы, ал буга дагы жан дили менен берилип жасайт. Ошол иш анын рух күчүн да калыптандырат.

Окуучусунун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн билген мугалим, аны тынымсыз өнүктүрүп, бекемдеп турушу максатка ылайык. Баланын жеке

жөндөмдүүлүктөрү менен эсептешип иш кылуу жакшы натыйжаларды берери анык. Тескерисинче, баланын жеке жөндөмдүүлүктөрүн басынтууга болгон аракеттер, баланын каалабай турганын жасатуу анын көңүлүн калтырып, чарчатат, анын организминин активдүүлүгүн төмөндөтөт, эркин мокотот.

**Негизги мектеп – II баскыч**

Негизги мектеп бешинчи класстан тогузга чейинки класстарды камтып, окутуп, тарбиялоо ишин жүргүзүү милдеттүү деп табылган. Алгачкы беш жылдын аралыгында баланын келечекте кандай иш менен алектене тургандыгына карабай анын турмушка толуккандуу даяр адам болуп калыптануусунун мезгили аяктап калган болот.

Азыркы абалында негизги билим берүүнүн мазмуну предметтик стандарттар менен аныкталган. Ал стандарттар жаңы деп эсептелгени менен мурдагыларынан дээрлик айырмаланбайт. Билим берүүнүн мазмунун аныктоодогу сиентикалык мамиле түпкүлүгүндө баланын бүтүрүү сынактарын тапшырууга гана даярдап, анын турмушуна керек болгон билгичтиктер менен компетенцияларды калыптандырбайт.

Соңку мезгилдердеги жалпы орто билим берүүнүн мазмуну өтө татаал, көп, керексиз, эскирген илимий маалыматтарды сунуш кылган стандарттардын негизинде түзүлгөн. Билим берүүдөгү маалыматтын мынчалык эскирген, татаал, оор мазмуну окуучуну психологиялык жактан чарчатып, ден соолугуна да зыянын тийгизип жатат. Окуучу өзүнө керексиз билимди сиңире албай, натыйжада стресс абалга кептелген учурлары жок эмес. Экинчи жагынан мындай абал ата-энелердин чыгымдарын да көбөйтүп келди.

Соңку элүү жыл аралыгында биз мектептик билим берүүнүн көлөмүн экстенсивдик көбөйтүүнүн жолу менен жүрүп отурдук, окуучунун окуу материалдарын өздөштүрүүдө куруктык, психофизиологиялык чектелүүлөрү менен эсептешкен киши болгон жок. Жыйынтыгында, окуучунун окуу жүктөмдөрүнүн эсепсиз көбөйүшүнө алып келдик. Бул басмырлоонун педагогикасы эле. Мындай педагогика окуучунун инсандыгын кемсинтип, ар дайым коркунучтун капасында кармады.

Мектептик билим берүүнүн ушундай абалы бизди канааттандырабы? Жок. Биз минтип билим берүүнүн, минтип билим алуунун кереги жок экендигин түшүнүшүбүз керек. Башкача айтканда, азыркы мектептик билим берүү тутуму коомго каратылбай, кечээги күндүн талаптарына ылайыкталып, күндөн-күнгө реалдуу турмуштан алыстап барат. Мектептик билим берүүнүн азыркы абалы үчүн бүгүнкү күндүн муктаждыктары, баланын да коомдун да муктаждыктарын канааттандыруу милдети калбай

калды. Окуу программаларынын, стандарттар менен окуу китептеринин кол тийбестигин коргогон предметтик лоббисттердин гана кызыкчылыктары жашап калды. Азыркы окутуунун практикасын өзгөртүүгө карата айрым бир аракеттер жасалса, аны кабыл албай коюу мындай турсун, улуттук коопсуздукка кол салуу менен теңештирип кабыл алып калышты.

Мектеп билим берүү тутумун түп тамырынан бери өзгөртүүнүн, жаңыртуунун мезгили келди. Оболу, К.Д.Ушинский белгилегендей: “билим берүүнүн мазмунун оңдоп алууга негиз болгон бардык маалыматтар менен илим тармактарын кайрадан карап чыгуу милдети турат”, ошондо гана билим берүүнү баланын кызыкчылыгына иштей турган абалга алып келүү мүмкүн. “Биз, - деп жазат андан ары Ушинский, - баланын башына эч нерсеге жараксыз, керексиз нерселерди үйүп жатабыз, ал аныбызды кайда жумшаарын билбей башы маң, а улууларыбыз балага эмне зарыл экендигин билбей баштары маң, натыйжада балдарыбыз жабыр тартып калып жатышат”. Окуу китептердеги ашыкча нерселерден арылып, окуучуга керектүү гана материалдарды калтыруу мезгили эчак келген, баланын акылын, эсин убактысын керектүү нерселерге гана жумшоо зарылдыгы эчак келгенин баамдашыбыз зарыл.

Биз эми мектеп билим берүүсүнүн максаттарын, стандарттары менен программаларын өзгөртүүнүн багыттарын динамикалык өнүгүүдөгү билимдердин дүйнөдө жүрүп жаткан жаңы ачылыштарына карай бурушубуз зарыл.

Азыркы заманда билим берүүнүн же билим алуунун натыйжалуулугу, ийгиликтүүлүгү белгилүү бир билимдерге ээ болуу гана эмес, ал билимдер менен билгичтиктерди жаңы шарттарга ылайык колдоно билүүдө турат. Эми окуучунун энциклопедиялык маалыматтарга ээ болгону менен, электрондук машиналарды өздөштүрүүсү менен ааламды таң калтыруу мүмкүн эмес. Мында маанилүү нерсе башкада – окуучунун ошондой билимдерди кандай пайдалана алгандыгында, замандын жаңы чакырыктарына окуучу кандай карайт, кандай мамиледе болот, маселе ушунда.

Билим берүүнүн максат, милдеттерин, стандарттарын, программаларын чукул өзгөртүүгө тоскоол болуп жаткан жагдай – бүтүндөй билим берүү тутумунун консервативдик, ыкшоо абалы экендигин биз эми даана сезип калдык.

Окуучунун ар түрдүү компетенцияларын калыптандыруу үчүн бүгүн программаларга базалык билим, билгичтик, көндүм-адаттардын рамкасынан сырт, кыйла кенен жаңы предметтерди же практикалык сабактарды киргизүү менен да абалды оңдоо кыйын экендигин билип турабыз, анткени, ансыз окуучунун окуу жүктөмдөрү оордошуп, чегинен

чыккан абалда. Ошол эле мезгилде дүйнө өзгөргөндөн өзгөрүп барат, а биздин билим берүү тутумубуз ордунда калып, мындай чукул өзгөрүүлөргө ылайыкташа албай жатат.

Бир гана жол калды – учурдагы окуу программалары менен стандарттарды өзгөртүп, керек болсо кайрадан түзүп, аларды учур талап кылган компетенциялардын калыптандырылышын шарттаган билим берүүнүн милдеттери менен дал келтирүү, синхрондоштуруу милдети турат.

Мектептеги билим берүү ишинин негизги башкы милдети балдардын бир максатка багындырылган бекем позициясын түзө ала турган компетенцияларды калыптандырып, тынымсыз өзгөрүүдөгү замандын жаңы чакырыктары менен жаңы талаптарына ылайык өз жолун табууга көндүрүү.

Мектеп эми окуучуларын экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөргө даярдашы шарт, окуучунун мобилдүүлүгү билим алууга гана багытталбай, заман талап кылган ар кандай кесиптерге ээ болууга көнүшү, зарыл учурда жол таап кетүүгө көмөк болгон технологиялык жаңы мүмкүнчүлүктөргө ээ болушун камсыз кылуу зарыл.

Дүйнөнүн тынымсыз өзгөрүп, улам жаңы чакырыктарды жаратып жаткан замандын, же жыйырма биринчи кылымдын билим берүү программалары ийкемдүү, ар тараптуу болуп, өз ичине билим берүүнүн түрдүү милдеттерин камтышы шарт,

***Ал программалардын алкагында кандай артыкчылыктар менен милдеттер ишке ашырылышы керек:***

